**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин**
**«Акушердик,гинекология жана хирургиялык дисциплиналар»**
**кафедрасынын**
**кезектүү**
**№2 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

15.09.2025 ж.
**Торага: Каримова Н.А.**
**Катчы: Алмазбекова А.А.**
**Катышкандар: 40 (тизме тиркелет).**

***Отүлүүчү жай: АГжХД кафедрасы 401ауд.***

Күн тартиби:

1. **Кафедранын 2025-2026- окуу жылына карата стратегиялык өнүгүү планын талкуулап бекитүү.**
2. **Кафедранын илимий иштери жана ОМК боюнча 2025-2026-окуу жылы үчүн иш планын бекитүү. Окутуучулардын ОМКтеринин абалы жана ОМКтерди ОшМУнун AVN порталына жайгаштыруу.**
3. **Кафедранын ага кураторунун 2025-2026-окуу жылынын иш планын бекитүү.**
4. **ОшМУнун миссиясын талкулоо.**
5. **2024-2025-окуу жылынын I-жылы үчүн ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитүү.**
6. **TOEIC тест тапшыруу боюнча**

1. **Угулду.** Отурумду кафедра жетекчиси Н.А.Каримова кафедранын 2025-2026 окуу жылына карата стратегиялык өнүгүү планын бекитүү боюнча уюштуруу иш чаралары, окуу-методикалык иштердин планы, илимий изилдөөнүн планы, тарбия иштеринин планын сунуштады. Кафедранын к.м.н., доцент окутуучусу А.Т. Жунусов 5жылга карата илимий изилдөө иштерин жүргүзүү керектигин белгиледи. Отурумдун мүчөлөрү жогорудагы иш планды угуп төмөндөгүдөй чечим кылат.

2. **Угулду.** Кафедранын ОМК боюнча жооптуу Абдирасулов К.Р. 2025-2026-окуу жылы үчүн түзүлгөн кафедранын иш планы менен жалпы жааматты тааныштырып чыгып, бир нече маселелерди көтөрүп, ОПКга койду.
- окутуучулардын дисциплиналар боюнча түзгөн ОМКларын башынан карап чыгууну,
- Жаңы матрицаны колдонуп, ошол боюнча оңдоо,
- ОМКларды (жумушчу программалар, силлабустар) түзүүдө 19 бюлетенди колдонуу,

ушул маселелерди аткаргандан кийин гана бекитилет. Кафедранын дисциплиналар боюнча жооптуу болгон окутуучулар ОМКлар боюнча суроо, талаптар менен талкуулашып, чечим кабыл кылышты.
**Жарыш сөзгө** чыккан кафедранын улук окутуучусу Турсунова В.Д. сөз берилип.:

Сканировано с CamScanner

- 2025-2026 окуу жылында илимий даражасы бар окутуучулар д.м.н., профессорлор жыл ичи 3статья,
- илимий даражасы бар м.и.к., доцент жана аспиранттар жыл ичи 2 статья,
- илимий даражасы жок окутуучулар жыл ичи 1 статья *Web* of Science, озгочо Scopus журналдарына чыгарууну окутуучуларга талап катары айтылып отту. Турсунова В.Д. озгочо бул талаптар ОшМУнун QS рейтингине зор салымын кошоорун белгилеп кетти. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып баары бир добуштан чечим кылат.

**3. Угулду.** Абдирасулов К.Р. ОМКларды (жумушчу программалар, силлабустар) түзүүдө 19 бюлетенди колдонуп аткаргандан кийин гана АВН порталга жайгаштырса боло тургандыгын эскертип отту. Отурумдун мүчөлөрү ОМК жоопттуусун угуп чечим кылышты.

**4.Угулду.** Отурумду кафедра торайымы Н.А.Каримова кафедранын ага кураторунун 202-2026-окуу жылы үчүн иш планын бекитүү боюнча карап чыгуу керектигин билдирип, сөздү кафедранын ага куратору Туйбаев А.З. берди ал кафедрадагы кураторлорду өздөрүнө бөлүнгөн кураторлук тайпалардын тизмеси менен тааныштырып, кураторлук ишти баштай берсе боло тургандыгын маалымдады. Отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат.

**5. Угулду.**Отурумду кафедра башчысы Н.А.Каримова ОшМУнун миссиясын ар бир студент жана ар бир окутуучу билүүсү керек экендигин айтып окутуучулардан миссияны карап койунуздар деп айтып өттү.**Жарыш сөзгө чыккан** УМС боюнча жоопту Абдирасулов К.Р. "ОшМУ илимий изилдөөлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарынын негизинде эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу жана жеткиликтүү билим берет. Университет өзүнүн коомунун мүчөлөрүнүн интеллектуалдык, маданий жана жеке өнүгүүсүн камсыз кылып, улуттук баалуулуктарды сактоого жана өркүндөтүүгө көмөктөшөт."

**6.Угулду.** Кафедра башчысы Н.А. Каримова окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу максатында TOEIC тестин тапшыруу зарылдыгы тууралуу маалымат берди. Жыйында окутуучуларга тесттин талаптары, катталуу тартиби жана даярдык көрүү жолдору боюнча түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү.

Окутуучуларга төмөнкү иштерди аткаруу сунушталды:

1. TOEIC тестине катталуу үчүн расмий платформага өз убагында онлайн каттоодон өтүү;
2. Тесттин форматы жана мазмуну менен алдын ала таанышып, даярдык материалдарын колдонуу;
3. Тест өтө турган күнгө чейин бардык зарыл документтерди (ID, төлөм квитанциясы ж.б.) даярдоо;
4. Натыйжаларын кафедрага өз мөөнөтүндө тапшыруу.

Кафедра башчысы тестти тапшыруу окутуучулардын адистик деңгээлин жогорулатууга, англис тилинде иштөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана билим сапатын арттырууга оболго түзөрүн белгиледи.

БААЛУУЛУКТАР

"Стратегиялык планды ишке ашыруу Конституцияда, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында жана Университеттин Уставында жазылган баалуулуктарга негизделет. Жана бүтүндөй коом үчүн негизги баалуулуктардын булагы болуп саналат:

Сканировано с CamScanner

Ош мамлекеттик университетинин «Коом жана билим берүү» пилоттук долбоору" –деп сөзүн аяктады, чогулуштун катышуучулары маселени талкуулап чечим кылат.

**Угулду.** Отурумдун төрайымы, **м.и.к.** доцент Н.А.Каримова сөз башында күн тартибин менен тааныштырып, ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитүү боюнча карап чыгышып, отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат.

**Угулду.** Отурумду кафедра жетекчиси Н.А.Каримова ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитүү боюнча карап чыгышып, отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат:

ЧЕЧИМ:

1. **2024-2025- окуу жылына карата кафедранын 2025-2026 окуу жылына карата стратегиялык өнүгүү планын бекитүү боюнча уюштуруу иш чаралары,**
2. **окуу-методикалык иштердин планы, илимий изилдөөнүн планы, тарбия иштеринин планы бекитилсин.**

3. **Кафедранын ОМК жана илимий иштери боюнча иш пландары бекитилсин.**

4. **Кафедранын дисциплиналар боюнча жооптуу окутуучулары өздөрүнө тиешелүү предметтер боюнча ОМКларды кайрадан карап чыгып, стандарт боюнча оңдоп-түзөп, АВН порталга жүктөөгө милдеттендирилсин.**

5. **Ар бир куратор өзүнө бөлүнгөн кураторлук тайпасы боюнча иштерди үзгүлтүккө учуратпай өз убагында аткарууга, тайпалар менен терең иш алып барууга милдеттендирилсин.**

6. **ОшМунун миссиясын билүү ар окуутуучуга жана студентке милдеттендирилсин. Ар бир куратор өз тайпасына ОшМУмиссиясын жайылтуу каралсын.**

7. **Кафедранын ачык сабактардын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитилсин. Кафедранын ОМК боюнча жооптуусу К.Р.Абдырасулов жүктөлсүн, түзүлгөн график боюнча ачык сабактар жана өз ара сабактар белгиленген мөөнөттө график боюнча өтүлсүн.**

8. **Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу максатында TOEIC тести тапшырып, натыйжалары кафедрага өз мөөнөтүндө тапшырылсын.**

*Каф.башчысы, м.и.к., доцент:* *Н.А.Каримова*

*Катчы:* *Алмазбекова А.А.*

Сканировано с CamScanner